**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

____________________ №________ Бишкек ш.

## Дүйнөлүк почта уюмунун Эл аралык бюросуна мүчө өлкөлөрдүн Кыргыз Республикасынын аймагында дайындалган почта байланыш операторлору үчүн чет өлкөдөгү алмашуу жерлери (ЧӨАЖ) жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобонун 1, 4, 8, 10, 12-пункттарын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесинин 18-пунктун жетекчиликке алуу менен, почта байланышы жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын укугунда **буйрук кылам**:

1. Дүйнөлүк почта уюмунун Эл аралык бюросуна мүчө өлкөлөрдүн Кыргыз Республикасынын аймагында дайындалган почта байланыш операторлору үчүн чет өлкөдөгү алмашуу жерлери (ЧӨАЖ) жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Электр жана почта байланышын өнүктүрүү башкармалыгы үч иш күндүн ичинде:

ушул буйрукка кол коюлган күндөн тартып Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө” токтомуна ылайык аны расмий жарыялоо боюнча чараларды көрсүн;

расмий жарыяланган күндөн тартып ушул буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз түрүндө жана электрондук алып жүрүүчүлөрдө, жарыялоо булагын көрсөтүү менен Кыргыз

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Республикасынын Юстиция министрлигине Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

буйрук күчүнө кирген күндөн тартып анын көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн.

3. Ушул буйрук Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин расмий сайтына жарыяланган учурдан тартып 10 иш күндөн кийин күчүнө кирет.

**Об утверждении Положения о месте обмена за границей (МОЗГР) для назначенных операторов почтовой связи стран-членов Международного бюро Всемирного почтового союза на территории Кыргызской Республики**

Руководствуясь пунктами 1, 4, 8, 10, 12 Положения о Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики, утвержденного постановлениям Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 257, и пунктом 18 Списка отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики, делегируемых государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, на правах уполномоченного государственного органа, ответственного за разработку государственной политики в области почтовой связи, **приказываю:**

1. Утвердить Положение о месте обмена за границей (МОЗГР) для назначенных операторов почтовой связи стран-членов Международного бюро Всемирного почтового союза на территории Кыргызской Республики согласно приложению.

2. Управлению развития электрической и почтовой связи Министерства цифрового развития Кыргызской Республики в течение трех рабочих дней:

со дня подписания настоящего приказа - принять меры по его официальному опубликованию в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;

со дня официального опубликования - направить копию настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования в

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов;

со дня вступления приказа в силу - направить его копию в Администрацию Президента Кыргызской Республики для сведения.

3. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 10 рабочих дней с момента его опубликования на официальном сайте Министерства цифрового развития Кыргызской Республики.

**Министр** **Н.А. Кутнаева**